
## Кыргыз Республикасында 2017-жылдагы баалардын индекси

2017-жылда керектөө секторундагы инфляциянын деңгээли (мурунку жылдын декабрына салыштырмалуу) 3,7 пайызды түздү, ал эми, 2016-жылы жалпы республика боюнча керектөө бааларынын 0,5 пайызга төмөндөшү белгиленген. Тамак-аш азыктарынын жана алкоголсуз суусундуктардын бааларынын (5,0 пайызга) төмөндөшү байкалган 2016-жылдан айырмаланып, 2017-жылдын январь-декабрында алкоголсуз суусундуктарга карата баалар (2,7 пайызга) төмөндөдү. Муну менен бирге өткөн жылы тамак-аш азыктарынын жана алкоголсуз суусундуктардын 2,7 пайызга, азык-түлүк эмес товарлардын - 3,2 пайызга, кызмат көрсөтүүлөрдүн - 6,9 пайызга жана тамекинин - 24,1 пайызга баалары жогорулады.

Өткөн жылы керектөө бааларынын олуттуу өсүүсү I кварталда (2,1 пайыз) жана IV кварталда (2,4 пайыз), ал эми III кварталда - 1,5 пайызга алардын төмөндөшү байкалган. 2016-жылдын IV кварталында гана (2,0 пайызга) керектөө бааларынын өсүшү белгиленген.

**1 график: Товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн керектөө бааларынын индекси**
*(мурунку айга пайыз менен)*





2017-жылдын январь-декабрында керектөө товарларынын жана кызмат көрсөтүүлөрүнүн бааларынын жана тарифтеринин жогорулашы республиканын бардык аймактарында байкалды. Муну менен бирге керектөө бааларынын эң көп өсүүсү Ош облусунда (11,1 пайыз) катталды. Башка региондорго салыштырмалуу, өткөн жылы Ош облусунда тамекинин (1,6 эсеге), азык-түлүк эмес товарлардын (14,7 пайызга), тамак-аш азыктарынын жана алкоголсуз суусундуктардын (9,5 пайызга) баалары эң көп өлчөмдө жогорулады. 2017-жылы алкоголдук ичимдиктер эң көп Нарын облусунда (11,1 пайызга) кымбаттады. Ошол эле мезгилде, Нарын облусунда тамак-аш азыктарынын жана алкоголсуз суусундуктардын бааларынын минималдуу (0,8 пайыз) өсүүсү байкалды.

2017-жылы орточо инфляциянын деңгээли (2,3 пайыз) Бишкек шаарында байкалды. Муну менен бирге өткөн жылы Бишкек шаарында алкоголдук ичимдиктер (6,8 пайызга) эң көп арзандады жана эң аз өлчөмдө азык-түлүк эмес товарлардын баалары (0,9 пайызга) жогорулады.

2016-жылдын январь-декабрында керектөө бааларынын жана тарифтеринин төмөндөшү Бишкек шаарында (1,6 пайызга), ошондой эле Талас облусунда (2,0 пайызга), ал эми алардын эң көп өсүүсү (3,0 пайыз) - Ысык-Көл облусунда белгиленди.

**2 график: 2017-жылдагы аймактар боюнча керектөө бааларынын өзгөрүүсү**


(*мурунку жылдын декабрына пайыз менен; өсүү +, төмөндөө -*)




2017-жылдын I жарым жыл аралыгында тамак-аш азыктарынын жана алкоголсуз суусундуктардын баалары туруктуу жогорулап, 2017-жылдын июнунда баанын деңгээли 2016-жылдын декабрындагы баалардын деңгээлинен 5,2 пайызга жогору болду. 2017-жылдын III кварталында алардын баалары жалпысынан 4,9 пайызга төмөндөдү, бул жемиштерге жана жашылчаларга карата баалардын 28,1 пайызга сезондук төмөндөшү менен шартталды. Бирок 2017-жылдын IV кварталында кайрадан тамак-аш азыктарынын жана алкоголсуз суусундуктардын бааларынын (2,7 пайызга) жогорулашы белгиленди. Муну менен бирге аларга баалардын максималдуу өсүүсү 2017-ж. декабрында катталды (1,5 пайыз мурунку айга салыштырмалуу), ал эми алардын эң көп төмөндөшү - 2017-ж. июлунда (2,3 пайызга мурунку айга салыштырмалуу).

**3 график: 2017-жылда тамак-аш азыктарына жана алкоголсуз суусундуктарга керектөө бааларынын өзгөрүүсү**

(*мурунку айга пайыз менен; өсүү +, төмөндөө -*)



Жалпысынан 2017-жылдын январь-декабрында тамак-аш азыктарына жана алкоголсуз суусундуктарга болгон баалардын өзгөрүүсүнүн динамикасы эң көп даражада жемиштердин жана жашылчалардын бааларынын өзгөрүүсүнүн таасири менен аныкталды.

2017-жылдын январь-декабрында нан азыктары жана акшактын баалары жалпы республика боюнча 0,5 пайызга төмөндөдү. Муну менен бирге баалардын төмөндөшү жалпысынан акшакка 14,6 пайызга (анын ичинен гречиха акшагына - 23,7 пайызга), күрүчкө - 4,3 пайызга, вермишель жана кесмеге - 0,2 пайызга, тандыр нанына - 0,1 пайызга катталды. Муну менен катар регионалдык бөлүктө өтүп кеткен жылы Ош ш. гречиха акшагына (7,2 пайызга), күрүчкө - Нарын (5,5 пайызга) жана Ош (5,2 пайызга) облустарында, тандыр нанына - Жалал-Абад (1,2 пайызга), Ош (2,1 пайызга) жана Талас (4,1 пайызга) облустарында баалардын жогорулашы белгиленди.

2017-жылы бышырылган азыктардын 7,0 пайызга, жогорку сорттогу ундун - бир пайызга, биринчи сорттогу ундун - 0,6 пайызга баалары жогорулады. Биринчи сорттогу ундан жасалган нандын баасынын жогорулашы бир аз (0,1 пайызга) белгиленди. Ошол эле мезгилде, өтүп кеткен жылы ун жана акшак өндүрүүдөгү ата-мекендик ишканалардын өндүрүүчүлөрүнүн баалары 7,8 пайызга төмөндөдү, алардын жогорулашы 2017-жылдын январь-февралында, июлунда жана декабрында белгиленди.

2017-жылдын январь-декабрында республика боюнча жалпысынан эттин баасы 8,1 пайызга жогорулады, анын ичинде жаңы союлган этке - 8,8 пайызга, колбаса жана консерваланган эт азыктарына - 4,1 пайызга. Муну менен бирге 2016-жылы жаңы союлган этке баалардын 7,7 пайызга төмөндөшү, ал эми консерваланган эт азыктарына, тескерисинче, алардын - 6,5 пайызга жогорулашы белгиленди. Муну менен катар өткөн жылы тоокторго 1,3 пайызга жана уйдун бооруна - 1,9 пайызга баалар төмөндөдү.

2017-жылдын январь-декабрында уйдун этинин 9,6 пайызга, жылкынын этинин - 8,5 пайызга жана койдун этинин - 5,5 пайызга баалары жалпы республика боюнча жогорулады. Белгилеп кетчү жагдай, өткөн жыл аралыгында уйдун этинин баасы өзгөрүүсүз жогорулады, ага болгон баанын төмөндөшү бир гана ноябрда белгиленди (0,4 пайызга мурунку айга салыштырмалуу), ал эми койдун этинин баасы 2017-жылдын августунан декабрына чейин төмөндөдү.

2017-жылы уйдун этинин баасынын жогорулашы республиканын бардык региондорунда байкалды, муну менен бирге алардын максималдуу өсүүсү (14,0 пайыз) Ош ш. катталды, ал эми койдун этинин баасынын максималдуу өсүүсү Чүй облусунда (16,2 пайыз), ал эми алардын төмөндөшү (0,5 пайызга) - Бишкек ш. белгиленди. Ошону менен бирге, 2017-жылдын декабрында уйдун этинин Бишкек ш. (килограмм үчүн 335,15 сом), койдун этинин - Баткен ш. (348,04 сом), жылкынын этинин (килограмм үчүн 320 сом) - Жалал-Абад жана Токмок шаарларында орточо максималдуу баалары катталды. 2016-жылдын декабрында орточо максималдуу баа уйдун этине ошондой эле Бишкек ш. - килограмм үчүн 312,36 сом, койдун этине - Баткен ш. 300 сом, жылкы этине - Жалал-Абад ш. килограмм үчүн 300 сом байкалды.

2017-жылдын декабрында 2016-жылдын декабрына салыштырмалуу балыктын баасы жалпысынан 2,2 пайызга төмөндөдү. Муну менен бирге баалардын төмөндөшү жаңы кармалган жана муздатылган балыкка (4,9 пайызга) жана ышталган балыкка (0,9 пайызга) байкалса, ал эми тондурулган жана бөлүнбөгөн балыкка - 2,5 пайызга, ышталган деликатес балыгына - 2,8 пайызга баалар, тескерисинче, жогорулады. Накта балык консерваларынын баасы 4,3 пайызга жогорулады (2016-жылы алардын өсүүсү 11,0 пайызды түзгөн).

2017-жыл аралыгында мурунку жылдардагыдай эле “Сүт азыктары, сыр жана жумуртка” тобундагы товарлардын бааларынын динамикасы, негизинен сезондук факторлордун таасири астында түзүлдү. 2017-жылдын январындагы жана 2017-жылдын августунан декабрына чейинки аларга болгон баанын көтөрүлүшүнө карабастан, жалпысынан өткөн жылы республика боюнча сүт азыктары, сыр жана жумуртканын баалары 0,5 пайызга төмөндөдү. Регионалдык бөлүктө баалардын төмөндөшү жалпы сүт азыктары, сыр жана жумурткага Бишкек ш. (4,5 пайызга), Талас (2,9 пайызга) жана Чүй (0,3 пайызга) облустарында, ал эми калган облустарда, тескерисинче, алардын өсүүсү катталган. Муну менен бирге 2017-жылы аларга баанын максималдуу өсүүсү (15,4 пайыз) Ош облусунда байкалды.

Өткөн жыл аралыгында күнкарама майынын баасы ар дайым төмөндөп, 2017-жылдын октябрь-ноябрында гана алардын (1,2 пайызга) жогорулашы белгиленген. Ошентип, 2017-жылдын декабрында республика боюнча күнкарама майынын баасынын деңгээли 2016-жылдын декабрынан 4,7 пайызга төмөн жайгашты. Муну менен бирге күнкарама майынын баасы республиканын бардык региондорунда төмөндөдү.

2017-жылдын январь-декабрында пахта майынын баасы жалпы республика боюнча 2,2 пайызга төмөндөп, муну менен бирге 2017-жылдын июнунан августуна чейин жана октябрында алардын жогорулашы байкалган. 2017-жылы пахта майынын баасы Чүй облусунда (1,6 пайызга) жогорулады.

2017-жылы жемиштердин жана жакшылчалардын баасы жалпы республика боюнча 13,6 пайызга жогорулады (2016-жылы алардын өсүүсү 2,7 пайызды түзгөн). Муну менен бирге жаңы бышкан жашылчалардын баасынын 12,0 пайызга төмөндөшү жана алардын жаңы бышкан жемиштерге - 8,3 пайызга жогорулашы белгиленген 2016-жылдан айырмаланып, өтүп кеткен жылы карама каршы жагдай байкалды: жаңы бышкан жашылчалардын баалары 15,5 пайызга жогоруласа, ал эми жаңы бышкан жемиштер, тескерисинче, - 13,8 пайызга төмөндөдү. 2017-жылы жаңы бышкан жашылчалардын баасынын эң көп өсүүсү, башка региондорго салыштырмалуу, Ош ш. (22,9 пайызга) жана Ош облусунда (22,8 пайызга), минималдуу - Ысык-Көл облусунда (7,2 пайызга) катталды. Муну менен бирге 2017-жылдын декабрында 2016-жылдын декабрына салыштырмалуу жаңы бышкан жемиштердин баасынын жогорулашы Ысык-Көл (3,2 пайызга), Ош (3,4 пайызга) жана Баткен (9,3 пайызга) облустарында белгиленди.

Картошканын баасынын жогорулашы 2016-жылдын ноябрында башталып, 2017-жылдын I жарым жылдыгында да өсүүсү уланды жана 2017-жылдын июнунда 2016-жылдын декабрына салыштырмалуу алар 2,1 эсеге жогорулады. Ошентип, эгер 2016-жылдын декабрында республика боюнча картошканын орточо айлык баасы килограмм үчүн 23,02 сом түзсө, ал эми 2017-жылдын майында анын орточо баасы 41,45 сомду, ал эми 2017-жылдын июнунда жаңы түшүмдү эске алуу менен, - 44,92 сомду түзгөн.

2017-жылдын III кварталында картошканын баасы 46,1 пайызга төмөндөдү (2017-жылдын сентябрында картошканын орточо айлык баасы 1 килоргамм үчүн 24,40 сомду түзгөн). Ошону менен бирге, 2017-жылдын IV кварталында картошканын баасы кайрадан жогорулады (20,2 пайызга). 2017-жылдын декабрында 2016-жылдын декабрына салыштырмалуу жалпы республика боюнча картошканын керектөө баасынын деңгээли 34,5 пайызга өстү. Муну менен бирге 2017-жылдагы картошканын баасынын максималдуу өсүүсү Баткен облусунда (1,7 эсеге) катталды.

2017-жылдын январь-декабрында кумшекердин баасы республика боюнча 10,7 пайызга төмөндөдү (2016-жылы - 5,6 пайызга), муну менен бирге алардын төмөндөшү мамалекеттин бардык региондорунда байкалды. Өткөн жыл аралыгында кумшекердин баасы 2017 - жылдын январында (2,1 пайызга мурунку айга салыштырмалуу), апрелинде (2,2 пайызга), июнунда (3,1 пайызга) жана июлунда (6,6 пайызга мурунку айга салыштырмалуу) жогорулады. 2017-жылдын декабрында кумшекердин минималдуу орточо айлык баасы 1 килограмм үчүн 41,76 сомду түздү жана ал Жумгал районунун Чаек айылында, ал эми максималдуу баа - килограмм үчүн 59,01 сом - Ноокат ш. катталды

2017-жылдын декабрында *алкоголдук ичимдиктерге* болгон баалардын деңгээли жалпы республика боюнча 2,7 пайызга 2016-жылдын деңгээлинен төмөн болду. Алкоголдук ичимдиктердин баалары өткөн жылы январдан июлга чейин төмөндөп (муну менен бирге алардын төмөндөшү 4,0 пайызды түздү), ал эми августтан декабрга чейин алардын жогорулашы белгиленди. Ошол эле мезгилде, республиканын айрым региондорунда алкоголдук ичимдиктер кымбаттады. Ошентип, 2017-жылдын январь-декабрында Нарын облусунда алардын баалары 11,4 пайызга, Ош шаарында - 6,8 пайызга, Чүй облусунда - 3,6 пайызга жана Талас облусунда - 1,5 пайызга жогорулады.

2017-жылы *тамекинин* баалары абдан жигердүү жогорулады. Жалпы жыл ичинде алар 24,1 пайызга кымбаттады, бул алардын 2016-жылдын январь-декабрындагы өсүүсүнөн 15,7 пайыздык пунктка жогору. Аларга болгон баалардын максималдуу өсүшү (12,7 пайызга) өткөн жылдын I кварталында белгиленди. Белгилеп кетчү жагдай, тамекинин

баасынын акыркы төмөндөшү 2013-жылдын октябрында байкалган (мурунку айга салыштырмалуу 0,1 пайызга).

2017-жылдын январь-декабрында *азык-түлүк эмес товарлардын* баалары 3,2 пайызга жогорулады, 2016-жылы алардын өсүүсү 1,6 пайызды түзгөн. Муну менен бирге 2017-жылдын февралынан июлуна чейин жана 2017-жылдын декабрында азык-түлүк эмес товарлардын төмөндөшү белгиленди. Бирок 2017-жылдын октябрь-ноябрында алардын баалары жалпысынан 3,5 пайызга жогорулады.

2017-жылдын январь-декабрында азык-түлүк эмес товарлардын бааларынын башка региондорго салыштырмалуу максималдуу (14,7 пайыз) жана 2016-жылы (6,1 пайыз) өсүүсү Ош облусунда, ал эми минималдуу (0,9 пайызга) - Бишкек шаарында катталды.


2017-жылдын январь-декабрында баалардын олуттуу жогорулашы туш кагаздарга (17,3 пайызга), китептерге (15,0 пайызга), сааттарга (13,2 пайызга), оюнчуктарга (10,4 пайызга), цементке (6,2 пайызга), жыгач материалдарына (5,8 пайызга), телевизорлорго (5,4 пайызга) жана балдар үчүн бут кийимге (5,3 пайызга) байкалды.

2017-жылдын декабрында жалпы республика боюнча көмүрдүн баасы 2016-жылдын декабрынын деңгээлинен 12,1 пайызга жогору болду. Муну менен бирге өткөн жылы ага болгон баа январда (0,2 пайызга мурунку айга салыштырмалуу) жана августан ноябрга чейин (29,6 пайызга) жогорулаган. Муну менен бирге 2017-жылдын декабрында көмүрдүн 5,2 пайызга мурунку айга салыштырмалуу баасынын төмөндөшү белгиленген. Регионалдык бөлүктө өткөн жылы көмүрдүн баасынын максималдуу өсүүсү Талас облусунда (1,5 эсеге) жана Ош облусунда (үчтөн бирге) катталды.

Дизель майынын баасы 2017-жылдын январь-декабрында 7,9 пайызга жогорулады. Муну менен бирге өткөн жыл аралыгында ага болгон баалар февралда (0,3 пайызга мурунку айга салыштырмалуу) жана III кварталда (2,1 пайызга) төмөндөдү, ал эми 2017-жылдын IV кварталында - алар 8,8 пайызга жогорулады (дизель майынын баасынын максималдуу өсүүсү ноябрда - 3,7 пайызга катталды).

**4 график: Негизги топтор боюнча товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн керектөө бааларынын жана тарифтеринин индекстери**

*(мурунку жылдын декабрына пайыз менен)*



Бензиндин баасынын февралдагыдай эле мартта да - 0,3 пайызга мурунку айга салыштырмалуу жана III кварталда - 1,7 пайызга байкалгандыгына карабастан, 2017-жылдын январь-декабрында бензин 8,7 пайызга кымбаттады. Жалпы республика боюнча бензиндин баасынын максималдуу өсүүсү 2017-жылдын январында (4,2 пайызга) катталды.

2017-жылдын жыйынтыгы боюнча бензиндин баасынын (15,3 пайызга) жана дизель майынын (11,6 пайызга) эң көп өсүүсү Ош ш. катталды. Муну менен бирге 2017-жылдын декабрында бензиндин бардык маркасынын жана дизель майынын максималдуу орточо баалары Баткен ш. катталды; ошентип А-95 маркасындагы бензиндин орточо керектөө баасы литр үчүн 46,85 сом, А-92 - 44,78 сом, А-80 - 40,86 сом жана дизель майы - литр үчүн 42,92 сом.

Муну менен бирге 2017-жылдын январь-декабрында баалардын төмөндөшү килем жана пол каптагычтарга (5,8 пайызга), турмуш-тиричилик приборлоруна (4,7 пайызга), майда аспаптар жана ар түрдүү жабдууларга (3,8 пайызга), синтетикалык жуучу каражаттарга (0,4 пайызга) белгиленди.

Өткөн жылы *кызмат күрсөтүүлөрдүн* тарифтеринин жогорулашы уланып, 2017-жылдын ноябрында алардын бир аз (0,3 пайызга мурунку айга салыштырмалуу) төмөндөшү белгиленди. Жалпысынан калкка көрсөтүлгөн кызмат көрсөтүүлөрдүн тарифтери 2017-жылдын январь-декабрында 6,9 пайызга жогорулады, ал эми 2016-жылы алардын өсүүсү 5,2 пайызды түзгөн. Өткөн жылы тарифтердин максималдуу өсүүсү январда - 1,9 пайыз мурунку айга салыштырмалуу катталган, бул алардын байланыш кызмат көрсөтүүсүнүн (7,4 пайызга мурунку айга салыштырмалуу) жогорулашы менен шартталды. Ошондой эле тарифтердин олуттуу өсүшү (1,4 пайызга мурунку айга салыштырмалуу) 2017-жылдын августунда байкалды, бул алардын аба жол жүргүнчү транспортунун кызмат көрсөтүүлөрүнүн (1,5 эсеге мурунку айга салыштырмалуу) жогорулашы менен шартталды.

Аймактык бөлүктө, 2017-жылдын январь-декабрында кызмат көрсөтүүлөрдүн тарифтеринин эң көп өсүүсү (8,5 пайыз) Бишкек шаарында, ал эми эң аз (2,7 пайыз) - Талас облусунда катталды.

Өткөн жылы кызмат көрсөтүүлөрдүн көпчүлүк түрлөрүнө тарифтердин жогорулашы белгиленди. Муну менен бирге аба жол жүргүнчү транспортунун кызмат көрсөтүүлөрү 20,8 пайызга, сырдоочу иштер - 20,1 пайызга, аялдардын кийимин тигүү кызмат көрсөтүүлөрү - 13,3 пайызга, уюлдук байланыш (тармактан тышкары) - 11,7 пайызга, коомдук тамактануу- 11,4 пайызга жана такси - 10,1 пайызга олуттуу кымбаттады.


2017-жылдын январь-декабрында тарифтердин төмөндөшү жакынкы чет өлкөгө автомобилдер менен жүргүнчүлөрдү ташууда (6,3 пайызга), комьютердик оюндарда (5,1 пайызга), мейманканада жашоо боюнча кызмат көрсөтүүсүндө (4,8 пайызга), темир жол жүргүнчү транспортунунда (3,1 пайызга) жана облус ичиндеги шаар аралык автомобилдер менен жүргүнчүлөрдү ташууда (0,9 пайызга) тарифтердин төмөндөшү байкалды.

Өткөн жылы *өнөр жай товарларын өндүрүүчүлөрдүн бааларынын* өсүүсү (4,5 пайыз) экономиканын керектөө секторундагы инфляциянын деңгээлинен жалпысынан 0,8 пайыздык пунктка жогору болду. Муну менен бирге 2017-жылдын I кварталында өнөр жай товарларын өндүрүүчүлөрдүн бааларындай эле, керектөө баалары да 2,1 пайызга жогорулады.

2016-жылы (мурунку жылдын декабрына салыштырмалуу) өнөр жай товарларын өндүрүүчүлөрдүн бааларынын 0,3 пайызга төмөндөшү байкалды.

**5 график: 2017-жылдагы керектөө бааларынын жана өндүрүүчүлөрдүн бааларынын өзгөрүүсү**

(*мурунку жылдын декабрына пайыз менен; өсүү +, төмөндөө -*)




2017-жылдын январь-декабрында пайдалуу кендерди казуу ишканаларында өндүрүүчүлөрдүн баалары 12,0 пайызга өстү, ал эми 2016-жылы алардын төмөндөшү 14,5 пайызга белгиленген.

2017-жылдын январь-декабрында иштетүү өндүрүшүндөгү өндүрүүчүлөрдүн баалары 4,9 пайызга жогорулады (2016-жылы алардын өсүүсү 0,3 пайызды түзгөн).

Өткөн жылы тамак аш продуктуларын өндүрүү ишканаларында, 2016-жылдагыдай эле (1,3 пайызга) өндүрүүчүлөрдүн бааларынын төмөндөшү (2,0 пайызга) белгиленди. Муну менен бирге башка тамак-аш азыктарын 8,5 пайызга, ун жана акшакты - 7,8 пайызга, бал муздакты - 4,1 пайызга, жемиш жана жашылча ширелерин - 1,4 пайызга өндүрүү боюнча ишканаларда алар төмөндөдү. Ошону менен бирге 2017-жылы эт азыктарын жана канаттуулардын этин (9,7 пайызга), балыкты кайра иштетүү жана консервалоо (6,1 пайызга), бышырылган жана нан азыктарын өндүрүү (2,7 пайызга), сүттү кайра иштетүү жана сыр өндүрүү (2,7 пайызга) өндүрүү боюнча ишканаларда өндүрүүчүлөрдүн бааларынын жогорулашы белгиленди. 2017-жылдын январь-декабрында суусундуктарды өндүрүү боюнча ишканаларда өндүрүүчүлөрдүн бааларынын жогорулашы кайрадан байкалды. Муну менен бирге өткөн жылы алар жалпысынан 7,1 пайызга өстү, ал эми 2016-жылы 2,4 пайызды түзгөн. Өндүрүүчүлөрдүн бааларынын олуттуу өсүшү алкоголсуз суусундуктарды, минералдуу суу жана бөтөлкөдөгү башка сууларды (10,3 пайыз), жүзүмдөн жасалган шербетти (9,4 пайыз) жана сыраны (4,9 пайыз) өндүрүү боюнча ишканаларда катталды.

2017-жылдын январь-декабрында өндүрүүчүлөрдүн баалары трикотаж буюмдарын 1,5 эсеге, электркыймылдаткычтарын, генератор жана трансформаторлорду - 20,0 пайызга, цементти - 14,7 пайызга, кабелдерди, куралдарды жана электр өткөрүүчү зымдарды - 14,7 пайызга, текстиль булаларын жана жиптерди даярдоодо - 13,1 пайызга өндүрүү боюнча ишканаларда олуттуу жогорулады. Ошондой эле, башка топторго кирбеген машина жана жабдууларды (9,3 пайызга) жана негизги металлдарды (7,9 пайызга) өндүрүү боюнча ишканаларда жогорулады.

Ошону менен бирге өткөн жылы өндүрүүчүлөрдүн баалары зер буюмдарын (17,0 пайызга), кокс жана тазаланган мунайзатты (7,1 пайызга), кагаз массасын, кагазды жана картонду (6,6 пайызга), кагаздан жана картондон жасалган башка буюмдарды (5,4 пайызга) өндүрүү боюнча ишканаларда төмөндөдү. Мындан тышкары, алардын төмөндөшү машина жана жабдуулардан тышкары даяр металл буюмдарын (4,8 пайызга), электр жарык берүү жабдууларын (3,9 пайызга), чоподон жасалган башка курулуш буюмдарын (3,3 пайызга),

автомобилдердин тетиктерин жана бөлүктөрүн (3,2 пайызга), курулушта колдонулган бетондон жасалган буюмдарды (1,6 пайызга) өндүрүү боюнча ишканаларда белгиленди.

2017-жылдын январь-декабрында электр энергия, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоо (жабдуу) чөйрөсүндө өндүрүүчүлөрдүн баалары 3,2 пайызга жогорулады (2016-жылы алардын бир пайызга төмөндөшү белгиленген). Ошентип, баалардын жогорулашы электрди өткөрүп берүү (18,8 пайызга), газды өндүрүү, газ менен камсыздоо системасы аркылуу газ үлгүсүндөгү күйүүчү майды бөлүштүрүү (0,7 пайызга) боюнча ишканаларында байкалган. Муну менен бирге өткөн жылы буу жана кондицияланган аба менен камсыздоо (жабдуу) чөйрөсүндө өндүрүүчүлөрдүн баалары 0,2 пайызга төмөндөдү, ал эми 2016-жылдын январь-декабрында алардын өсүүсү 4,9 пайызды түзгөн.


Суу менен камсыздоо, тазалоо, калдыктарды иштетүү жана кайра пайдалануучу чийки затты алуу боюнча ишканаларда 2017-жылдын январь-декабрында өндүрүүчүлөрдүн баалары 1,1 пайызга жогорулады (2016-жылы - 6,2 пайызга).

2017-жылдын январь-декабрында (мурунку жылдын декабрына салыштырмалуу) транспорттун бардык түрлөрү менен *жүк ташуу* кызмат көрсөтүүлөрүнүн тарифтери жалпы республика боюнча 13,1 пайызга жогорулады, ал эми 2017-жылдын II кварталында 4,3 пайызга алардын төмөндөшү байкалган. 2016-жылдын жыйынтыгы боюнча транспорттун бардык түрлөрү менен жүк ташуу кызмат көрсөтүүлөрүнүн тарифтеринин 3,5 пайызга төмөндөшү белгиленген, бул негизинен 2016-жылдын II кварталында алардын 9,4 пайызга олуттуу төмөндөшү менен шартталды.

Өткөн жылы темир жол транспорту аркылуу жүк ташуу кызмат көрсөтүүлөрүнүн тарифтери 14,4 пайызга жогорулады, ал эми автомобиль транспорту менен жүк ташуу кызмат көрсөтүүлөрүнүн тарифтери бир аз төмөндөдү. Жүк ташуу кызмат көрсөтүүлөрүнүн тарифтери, 2017-жылдын ичинде аба транспортунда, ошондой эле суу транспортунда да өзгөрүүсүз калды.

**6 график: Экономиканын секторлору боюнча баалардын жана тарифтердин индекси**

*(мурунку жылдын декабрына пайыз менен)*




2017-жылдын январь-декабрында (мурунку жылдын декабрына пайыз менен) *ишканаларга, мекемелерге жана уюмдарга көрсөтүлгөн байланыш кызмат көрсөтүүлөрдүн* тарифтери, жалпы республика боюнча 0,3 пайызга жогорулады, ал эми 2016-жылы алардын өсүүсү 5,0 пайызды түзгөн. Муну менен бирге өткөн жылы тарифтердин жогорулашы (0,3 пайызга) почта жана чабарман байланыш кызмат көрсөтүүсүндө белгиленди.

Баалар статистика бөлүмү